*УДК:371*

***Алтынбек Качкын уулу***

# БОЛОЧОКТОГУ АЙЫЛ МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

***Алтынбек Качкын уулу***

# УЧИТЕЛЯ БУДУЩИХ СЕЛЬСКИХ ШКОЛ И РАЗВИТИЯ В КУЛЬТУРЕСРЕДЫ ОБУЧЕНИЯ

***Altynbek Kachkyn Uulu***

# TEACHERS OF FUTURE RURAL SCHOOLS AND DEVELOPMENT IN THE CULTURE OF THE LEARNING ENVIRONMENT

**Аннотация:** Бул макала болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун актуалдуу маселелерине арналды. Андан тышкары кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун педагогикалык шарттары каралды.

**Негизги сөздөр:** Кесиптик жана педагогикалык маданият, болочоктогу айыл мектеп мугалимдери, студенттер жана жогорку окуу жайлар.

**Аннотация:** Данная статья посвящена актуальным вопросам формирования профессионально-педагогической культуры будущих учителей сельских школ. Рассмотрены педагогические условия формирования профессионально-педагогической культуры.

**Ключевые слова:** Профессиональная и педагогическая культура, будущие учителя сельских школ, студенты, высшие учебные заведения.

**Annotation:** The article isdevoted to problems of formation of professional-pedagogical culture of future teachers of rural schools. And also the article considerssuch issues as competence, skill and pedagogical orientation.

**Keywords:** Professional-pedagogical culture of future teachers of rural schools, students, higher educational institutions.

Бүгүнкү күндө билим берүү жаатында жүргүзүлүп жатканреформалар айыл мектептеринин натыйжалуулугун жогорулатууну дагы күн тартибине коюп келет, ага ылайык, айыл мектептеринин ишмердүүлүгүнөн айыл жергесинин сакталышы, өнүгүшү жана көпчүлүк өсүп келе жаткан муундун келечеги аныкталаары шексиз. Демек, айыл мектептеринин ишмердүүлүгү, анда эмгектенген мугалимдердин компетенттүүлүгү, жеке психологиялык өзгөчөлүктөрү, ден соолугу жана социалдык экономикалык абалдары изилдөөчүлөрдүн предмети болушу абзел.

Кыргызстандын айыл жерлериндеги элдин отурукташуусу боюнча ар түрдүү айыл аймактарына бөлүнөт, бийик тоолуу айылдар (жол каттамы оор, район борборунан алыс), жөнөкөй айылдар (салыштырмалуу райондун борборуна жакын, бирок каттам, коммуникация татаал) жана шаарга жакын ж. б. шаар тибиндеги айылдар. Ошондуктан болочоктогу айыл мектеп мугалимдерин даярдоодо ушундай типологияга көңүл буруу зарыл. Анткени, бийик тоолуу, же болбосо район борборунан алыс жайгашкан кичи комплектүү мектеп менен шаарга жакын айыл мектептерине бирдей мамиле жасоо

болочоктогу айыл мектеп мугалимдерин даярдоодо жана керектүү сапаттарын калыптандырууда бир кыйла кыйынчылыктарды жаратат.

Ал эми, болочоктогу мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууну натыйжалуу кылуу үчүн инновациялык шарттардын негизинде кесиптик ишмердиктин мазмунун жакшыртуу керек. Окуу-тарбия процессинин өнүгүү стратегиясында, ЖОЖдун окутуучусунун новатордук идеяларын азыктандырып, баймабай тажрыйба алмашуу иш-чараларын уюштуруу менен калыптандыруу процессин жакшыртса болот. Окуу процессине киргизилип жаткан заманбап технологиялар, болочоктогу айыл мектеп мугалимин *консультант, кеңешчи, аниматор, тарбиячы, психолог, реформатор ж. б.* кылууга толук мүмкүндүк берет.

Эгерде, кесиптик-педагогикалык маданиятты жаңылануу шарттарында карай турган болсок, анда эки деңгээлге бөлүшүбүз керек. Биринчи деңгээл - алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны изилдөө, жалпылоо жана жайылтуу. Ал эми, экинчи деңгээл - алдыңкы психологиялык-педагогикалык илимдин жетишкендиктерин иш жүзүнө киргизүүнү түшүндүрөт. Кээ бир инновациялык процесстерди изилдегендер педагогикалык тажрыйбаны жалпылоо жана жайылтууга багыт алышса, кээ бирлери педагогикалык жаңылыктарды ойлоп табуу жана аларды иш жүзүнө киргизүү менен алек болуп келишет. Биздин оюбузча, мындай эки багытты бириктирип кароо жана изилдөө иштин натыйжалуулугун камсыздайт. Булардын баардыгы кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруудагы негизги шарт катары эсептейбиз. Ошондуктан, болочоктогу айыл мектеп мугалими жаңы педагогикалык технологияларды, теорияларды, концепцияларды түзүүчү автор, изилдөөчү окутуучудан билим алуусу зарыл [5].

Мындай көрүнүштү эске алуу менен окумуштуулардын психологиялык-педагогикалык мүнөздөгү чакан изилдөөсүнө көңүлүбүздү буралык, алар окутуучуларга өзүнүн жеке ишмердигин, студенттердин колдонулуп жаткан педагогикалык технологиялардын натыйжалуулугун туура баалоого жардам берди**.** Эгерде, окутуучунун инновациялык ишмердүүлүгүнө (болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда)кафедранын башчылары, институт декандары жана жалпы администрация кызыктар болсо, анда педагогикалык кадрларды даярдоо мындан дагы натыйжалуу болушуна шек жок.

Адамдын билим алуусу, өзүн-өзү өнүктүрүүсү чектелүү эмес, билим алуу адам баласынын бүткүл жашоосунда коштолуп, адамдын инсандык сапатынын жана кесиптик өнүгүүсү социалдык-экономикалык өсүштөрдүн фактору болуп калууда. ЖОЖдун окутуучусунун тынымсыз кесиптик-педагогикалык билим алуусу анын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүнүн жашоо тиричилигинин интегративдик жана жеке педагогикалык жактан азыктанышын камтыйт. Ал эми, студенттердин кесиптик-педагогикалык билим алуусу системалаштырылган максаттуу таасир этүүлөрдүн жыйындысы деп кабыл алабыз. Ал өз учурунда коомчулуктун суроо талабына ылайык, жалпы маданиятты калыптандырууну түшүндүрөт.

Педагогикалык багыттагы ЖОЖдун негизги милдеттеринин бири - бул болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин педагогикалык маданиятынын калыптанышын жана жакшырышын камсыздоону түшүндүрөөрү бизге белгилүү болду. Анткени, психологиялык-педагогикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, кесиптик даярдоонун натыйжалуулугун күчөтүү үчүн, студент ишмердиктин (билим алуу) активдүү субъектиси болушу зарыл, ошону менен бирге практикалык тажрыйба социалдык жана кесиптик тажрыйбаны өзүнө камтуу менен студенттердин кесиптик жаатта жеке чыгармачыл

изилдөөлөрү окутуучулар, насаатчылар тарабынан колдоо көргөзүлүп туруусу шарт. Мындан тышкары, болочоктогу мугалимдин чыгармачыл потенциалын, кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээлин көтөрүү үчүн байма-бай тажрыйба алмашуу жүрүп турушу керек. Регионалдык ЖОЖдор борбор калаадагы ЖОЖдор менен байланышын күчөтүп, окутуучу, студенттерди алмашуу практикасын жолго салса болот. Анткени, тажрыйба алмашуу менен айыл жергесиндеги (айыл мектептери менен байланышкан) көйгөйлөрдү чечүүнү жөнгө салуу толук мүмкүн.

Болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу бир нече социалдык-педагогикалык өзгөчөлүктөргө ээ, аларга кайрыла турган болсок:

1. Болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин инсандык сапаттарынын өзгөчөлүктөрү (жашоодогу жана кесиптеги максаттары, баалуулуктары, иш тажрыйбасы жана кесипкөйлүүлүгү). Окутуучу менен студенттин ортосунда *партнердук* мамилелердин системасын орнотуу.
2. Болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин интеллектуалдык ишмердигинин өзгөчөлүктөрү, ал өзгөчөлүктөр кесиптик ой жүгүртүүнү эске тутууну, элестетүүнү жана башка психикалык процесстерди камтыйт.
3. Болочоктогу айыл мектеп мугалимдерининокууга болгон мотивациясы, алардын кызыгуулары, жаңы педагогикалык билимди жана технологияны өздөштүрүүгө болгон муктаждыгы. Студенттердин таанып билүү процессине аралашуу мотиви, анын педагогикалык маданиятынын деңгээлинин кесиптик-педагогикалык маданияттуулугунун жана кесиптик-педагогикалык сапаттарынан көз каранды.
4. Болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин педагогикалык рефлексиясынын өзгөчөлүгү рефлексиянын жардамы менен өзүнүн ордун “окуучу” катары иликтөө жана баалоо (өзүн башка студенттер менен салыштыруу).
5. Билим алуу убактысынын тартыштыгы сабактардын интенсивдүүлүгү, кыска убакыттын ичинде көп өлчөмдөгү билимге ээ болуу. Айыл мектепте убакыттын тартыштыгын студенттик кезден аңдап билүү [3].

Окумуштуу-педагог И. Ф. Исаевдин пикири боюнча кесипкөй педагогду даярдоо кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун негизинде жүрүп, маданияттык мамиленин негизги идеяларын иш жүзүнө ашырууну түшүндүрөт. *Маданияттык мамиледе*, педагогикалык билим-берүүдөгү көйгөйлөр төмөндөгүдөй берилет: мугалим тарабынан жалпы жана кесиптик-педагогикалык маданияттын негизинде иш кылуу, педагогикалык теорияларды, баалуулуктарды жана технологияларды өздөштүрүү. “Биологиялык механизмсиз” жана кесиптик маданиятты өздөштүрүү менен педагог өзүнүн практикасында билим берүүнүн маданият түзүүчү функциясын карманат.

Мына ошондуктан, педагогикалык билим берүүнүн мазмунун, технологиясын уюштурууда кесиптик-педагогикалык маданият концепциясын карманyy зарыл. Мындай мамиле ишмердүүлүктүн атаандаштык мезгилинде окутуучуга, мугалимге, тарбиячыга атайын билим, окутуунун жана тарбиялоонун технологияларынан тышкары жалпы маданий концепцияларды өздөштүрүүсүн талап кылат. Педагогикалык маданият мугалимдин инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө, нормативдик ишмердүүлүктүн чегинен чыгуу жана эскини кармоо менен жаңы баалуулуктарды жаратууну камсыздайт.

Билим берүүнүн сапаты мугалимдин инсандык, кесиптик жана жалпы маданий-чыгармачыл потенциалынан көз каранды. Мугалимдин жетишкендиктерине – окутуу-тарбиялоонун ар тараптуу методдорун колдонуу гана эмес, негизгиси, анын жеке

сапаттары, ал сапаттар өз учурунда мугалимге окуучуларына туура мамиле кылууну, педагогикалык чеберчилик жана чыгармачылык менен иш алып барууну түшүндүрөт. “Мугалимдин жеке инсадык сапаты – бул педагогикалык процесстин инсандык жетишкендигинин негизги шарты жана каражаты” (С. Б. Елканов), аны окуу куралдар дагы, жогорку чеберчилик менен жасалган методикалык иштелмелер дагы алмаштыра албайт. Заманбап технологиялардын кеңири таркашы менен, ар бир мугалимден, кесиптик-педагогикалык ишмердигинин сапатын өзгөртүүнү дагы талап кылат. Айыл мектеп мугалими ата-энелерге жана балдарга тынымсыз таасир этип келет, ушундан улам жоопкерчилик, адеп-ахлактык, маданияттуулук, көп кырдуулук анын ички муктаждыктарынын негизи болушу абзел. Айыл мектеп мугалими “айылдык билим берүүнүн социалдык-экономикалык маданий шарттарынын өзгөрүүсүнө көнө алган, жаңыланып турган окуунун мазмунун жана технологиясын, айыл мектеп окуучусунун жаратылыш куруучу инсандык сапатын өздөштүрүп өзүнүн айылында коомдук маданий ордун аныктоого дилгирленген инсан. Мугалим өзүнүн милдеттерин ишке ашыруу үчүн тынымсыз илим-билимдерге, педагогикалык билгичтиктерге сугарылып жана өзүн-өзү педагогикалык чеберчиликке жетүү ирээтинде өстүрсө, анда, жогорудагы милдеттерди толук кандуу түрдө аткара алат [2].

Көбүнчө айыл мектеп мугалимдери “Автономдук режимде” иштешип, убакыттын таардыгын окутуу процессинде аңдап сезишет, ал өз учурунда чыгармачыл өсүшүнө ашыкча бөгөт коёт, анткени, педагогикалык реалдуулуктарга “кылып көрүү жана жаза басуу”, “өзүнүн ширесинде кайноо” методдору менен жетет. “Педагогикалык жалгыздыкты” жоюу үчүн атайын методикалык жактан биригүүлөр, көйгөйлүү группалар жана чоочун мектептер менен биргеликте чыгармачыл коллективдерди түзүү кыйынга турат.

Кесиптик-педагогикалык маданияттын ири компоненттеринин бири педагогикалык чыгармачылык мугалимдин бош убактысынан көз каранды. Бизге белгилүү болгондой мектептерде ашыкча иш кагаздар, жыйналыштар, милдеттемелери ж. б. мугалимдин кесиптик чарчоосуна алып келип, андай мугалим бардык нерсеге көңүл кош мамиле кылат. Улуу педагог В. А. Сухомлинский - мугалимдин бош убактысы аны руханий баалуулуктарынын өсүшүнүн негизги максаттары деп атап өткөн, аны чыгармачылыктын бутактарын азыктандырган тамыр катары эсептеген. Бош убакыттын көбөйүшү мугалимдин өзүн-өзү жакшыртуучу эң негизги факторлорунун бири. Ошондуктан болочоктогу айыл мектеп мугалимдери убакытты натыйжалуу колдонуунун[6].

Айыл мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык чыгармачылыгын өнүктүрүүдө, ошол эле мугалимдин чыгармачылык менен изденүүсүн, кесиптик жана инсандык сапаттарын өркүндөтүүгө системалык жана максаттуу иш чараларды жүргүзүшөт. Азыркы учурда мындай технологиядарды алыскы айыл мектептерде ишке ашырып келе жаткан мугалимдер жок эмес. Андай мугалимдердин бири Б. Исаков, Кыргыз эл мугалими, өзүнүн новатордук ойлору менен окутууну жаңы деңгээлге жеткирген, тарбиялоонун авторитардык стилинен демократиялык мамилеге шыктандырган улуу педагогдун иш тажрыйбасын караганыбызда, жогорудагыдай ой толгоолор камтылганына ынандык [1].

Эсибизге салсак, 2003-жылдын 20-августуна карата №534 токтомго ылайык “Айыл мектеби” комплекстүү программасынын негизинде, айыл мектептеринин ишмердүүлүгүнө багытталган далай сунуштар киргизилген. Ошол сунуштардын биринде профилдүү окутуу, андан тышкары айыл мектептеринде билим берүү парадигмаларынын билим берүүдөн компетенттүүлүккө өтүү толук көрсөтүлгөн.

Ошол компетенттүүлүк жөнүндө сөз кыла турган болсок, анда ал кесиптик-педагогикалык маданияттын ири компоненттеринин бири болуп эсептелинет. Кесиптик-педагогикалык билим берүүдө компетенттүүлүк деп тигил же бул жаатта билимдеринин жана тажрыйбаларынын жыйындысы, жалпы жана кесиптик даярдыгын айтабыз. Болочоктогу айыл мектеп мугалимин даярдоонун мазмунуна таасир этүүчү факторлору болуп кесиптик милдеттер эсептелинет, мугалим өзүнүн кесиптик ишмердигинде чечүүгө милдеттүү. Ю. А. Савинкова белгилегендей, айыл мектеп мугалими жалпы педагогикалык компетенциялардан тышкары, кошумча компетенцияларга ээ болууга милдеттүү:

- *психологиялык-педагогикалык*, окутуучу тарабынан окуу процессин кичи группаларда өтүүгө мүмкүнчүлүктөрү болушу керек;
- *дидактикалык*, билим берүүнүн мазмунун тандоого, окуучулардын бай прикладдык билимдеринин топтомун калыптандырылышына жана айыл чарбага багытталган практикалык билгичтиктер дагы кирет;
- *методикалык*, кичи группаларда билим берүү ишмердигинин субъектилери арасындагы пикир алышуунун, айыл мектептеринде окуучуларынын көрүү-образдуу ой жүгүртүүсүн жана практикалык кыймыл аракеттер (когнитивдик) өнүгүүсү камсыздоо мүмкүнчүлүгү;
- *коомдук-маданий*, мектепке айыл тургундарынын социалдык заказдарын аткарып ошол эле учурда улуттук каада-салттар, жашоо тиричиликтер, эң негизгиси, айыл чарбанын муктаждыктары көп процесстерге таасирин тийгизээрин билиши керек [4].

Жогорудагы окумуштуулардын айыл мектептеринин ишмердүүлүгү менен байланышкан көз караштары өтө маанилүү, анткени болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырып жатып, ар бир жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйдү, өзгөчөлүктөрдү студенттердин өз алдынча окуу-изилдөө ишинде камтып, студенттерди окуу процессине активдүү катыштырууну камсыздоо зарыл.

Андан тышкары, болочоктогу айыл мектеп мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда төмөндөгү жагдайларды эске алуу зарыл: кандай гана жаңылык болбосун айыл тургундарынын көңүл борборунда болот жана айыл жашоо шарттары негизинде жүрөт. Айыл мектеп шарттарында иштеген мугалимдердин *коммуникативдик* жана *проективдик* жөндөмдүүлүктөрү жетилген педагогикалык ишмердик катары бааланат, бирок өнүктүрүүдө маселе пайда болот. Ушундай жагдайдын негизинде айыл мектеп мугалиминин өзүн-өзү баалоочулук, рефлексивдик позициясы калыптанган болушу керек.

Айыл мектеп мугалиминин педагогикалык феномени анын педагогикалык өзгөчө ролунан байкалып турат. Алар айыл тургундарын билим менен сугарып, маданий деңгээлин жогорулатууда, коомдук диалог жана коомдук партнерчулук системасын тургузууда чоң роль ойнойт. Мындай системанын негизин *“айыл коомчулугу» – «айыл мектеби» – «айыл райондорунун маданий мекемелери»* бирдиктүү маданий-билим берүүчүлүк мейкиндикти окуучулар жана чоңдор үчүн түзүшөт; мектептин базасында айыл мектеп окуучуларын жана чоңдорду руханий адеп-ахлактык жана эстетикалык маданиятын калыптандыруу, маданий жана кесиптик пикир алышуунун мейкиндигин кеңейтүүгө аракет кылат; айыл мектеп окуучуларына өзгөчө окуу-тарбия процессти уюштуруп берүү ж. б. айыл мектеп мугалиминин мойнунда экенин эсибизден чыгарбообуз зарыл.

Айыл мектебинин мугалиминин жогорудагы айтылган билгичтиктерине мүнөздөмө берип кетелик. Азыркы коомдо тигил же бул кесиптин өнүгүшү менен кесиптик нормалар

эрежелер жана кээ бир адистиктердин өкүлдөрүнө талаптар өзгөрүүдө. Бул талаптар атайын билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү жана атайын жеке сапаттарды, кесиптик ишмердиктин түзүмдөрүнө болгон нормаларды камтыйт. Булардын баардыгы тең ЖОЖдун бүтүрүүчүсүнүн кесиптик даярдыгында камтылган. Ал даярдык билимдердин жана көндүмдөрдүн жыйындысын, кесиптик ишмердиктин натыйжалуу болуусун камсыздайт.

Оюбуздун жыйынтыгында педагогикалык шарттарды аныктоо ирээтинде 6 миледеттемени берүүнү туура көрдүк:

- кесиптик-педагогикалык маданияттын маңызын, өзгөчөлүгүн ачып берүүчү түшүнүктөрдүн системасын түзүү;
- кесиптик-педагогикалык маданияттын тигил же бул типтеринин калыптанышына философиялык парадигмалардын тийгизген таасирин билүү;
- педагогикалык таасир этүүнүн конкреттүү-тарыхый системасынын калыптанышынын коомдук шарттарын иликтөө;
- коомдук бирикме, билим берүүнүнүн системасы катары үй бүлөөнүн ролун, анын педагогикалык мамиле кылууга болгон педагогикалык маданиятынын деңгээлин аныктоо;
- азыркы коомдун институту болгон үй бүлөөнүн жана мектептин педагогикалык маданиятынын реалдууденгээлин билүү;
- педагогикалык багыттагы ЖОЖдордо келечектеги мугалимдердин педагогикалык маданиятын калыптандыруучу окуу жана тарбия процесстерин жакшыртуу боюнча сунуштарды камдоо.

Ошентип, кесиптик-педагогикалык маданияттын мазмуну жеке кесиптик сапаттардан, компоненттерден жана функциялардын системасынан турат. Педагогикалык маданият кесипкөй-педагогдун интегративдик сапаты катары, натыйжалуу ишмердигинин шарты жана пайдубалы, кесиптик компетенциянын жалпыланган көрсөткүчү жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн максаты катары түшүндүрүлөт. Бирок кесиптик-педагогикалык маданияттын негизги аныктамалары чачыранды, бирдиктүү функционалдык жана структуралык компоненттери жок.

**Адабияттар:**


1. Байгазиев С. Эл мугалими Бектур Исаковдун педагогикасы: Педагогикалык портрет. – Б.: Учкун, 2012. -56 б.
2. Елканов, С. Б. Основы профессионального самовоспитания будущего педагога. – М.: Просвещение, 1988. – 287 с.
3. Металова И. Г. Личностно-ориентированный подход и подготовка будущих учителей иностранного языка для сельских школ: технологические основы: монография. Чебоксары: изд-во Л. А. Наумова, 2006. -116 с.
4. Савинков Ю. А. Специфические педагогические компетенции многопрофильного педагога сельской малочисленной школы. Вестник Воронежского государственного университета. Серия: Проблемы высшего образования, 2005. ]
5. Слободчиков В. И. Проблемы становления и развития инновационного образования // Инновации в образовании. 2003. - № 2. - С. 4-28.
6. Сухомлинский В. А. Сердце отдаю детям // Изб. пед. соч. В 3 т. -М.: Педагогика. - 1979. Т. 1. - 558 с.


**Рецензент: к. пед. н., доцент Абдраева Н.**